## Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2012-жылдын август айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Август айында Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерин жайгаштыруунун чогуу алгандагы көлөмү өткөн айга салыштырганда, 390,7 млн. сомго чейин, 10,8 пайызга өскөн. Жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлар сегментинде үч коммерциялык банктын жигердүүлүгү ай ичиндеги сатууларды 53,8 пайызга көбөйткөн. Мында жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 12 айлык МКВларды сатуу, тескерисинче, тиешелүүлүгүнө жараша 5,0 млн. сомго (-75,0 пайызга) жана 197,2 млн. сомго (-6,1 пайызга) чейин төмөндөгөн. Каралып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча ай ичиндеги орточо кирешелүүлүк ай ичинде 0,3 пайыздык пунктка азаюу менен, 8,2 пайыз өлчөмъндө түптөлгөн. Мындай жагдай баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөнкүдөй төмөндөшүнүн эсебинен түзүлгөн: август айында жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык МКВнын ай ичиндеги орточо кирешелүүлүгү 6,0 пайызды (-0,3 пайыздык пункт), жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлар – 7,1 пайызды (-0,2 пайыздык пункт), 12 айлык МКВлар – 9,4 пайызды (-0,1 пайыздык пункт) түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү августта өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 111,1 млн. сомду түзүү менен, 39,4 пайызга төмөндөгөн, ал эми сатуунун орточо аукциондук көлөмү 11,3 пайызга, 78,1 млн. сомго чейин азайган.

Август айында бюджеттин тартыштыгын таза каржылоонун көлөмү -417,2 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан МКВларды 726,3 млн. сом суммасына олуттуу ордун жабуулар жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу жыл башынан айкын нарк боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат. Анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз көлөм болуп эсептелет.

таза каржылоонун суммардык маанисинин катышы катары эсептелинген МКВлар рыногунун эффективдүүлүгү июль айынын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 13,0 пайызды түзүү менен, 18,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Дюрация көрсөткүчү ай ичинде 157 күндөн 170 күнгө чейин көбөйгөн, анткени июлда тескерисинче, дюрациянын төмөндөөсү белгиленген.

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Өткөн айга салыштырганда, август айында МКВлардын жүгүртүүдөгү көлөмү 3,9 млрд. сомго (-11,7 пайызга) төмөндөгөн: мындай төмөндөө жүгүртүүдөгү баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө бир аз үлүшкө ээ боушкан резидент эмес юридикалык жактарды эске албаганда, баалуу кагаздарга ээлик кылуучу бардык негизги топтордун портфелине таасирин тийгизген. МКВларга ээлик кылуучулардын портфелдерин үлүштүк салыштырууда коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 75,5 пайыздан 82,0 пайызга чейин жогорулоосу белгиленген, ал эми баалуу кагаздарга ээлик кылуучулар тобунда экинчи орунда турган институционалдык инвесторлордун үлүшү 5,5 пайыздык пунктка, 16,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Жеке адамдар-резиденттердин жана юридикалык жактар-резиденттердин 1,6 пайыз суммасын түзгөн үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 0,1 жана 1,0 пайыздык пунктка кыскарган.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Баш оона'2011 | 16,5 | - | 13,6 | 17,0 |
| Аяк оона | 15,3 | - | 13,3 | 15,6 |
| Тогуздун айы | 14,2 | 8,1 | 13,4 | 15,0 |
| Жетинин айы | 14,0 | 6,9 | 13,4 | 15,0 |
| Бештин айы | 13,4 | 6,6 | 13,3 | 14,9 |
| Үчтүн айы'2012 | 12,7 | 6,4 | 12,5 | 14,3 |
| Бирдин айы | 12,0 | 6,5 | 11,3 | 13,4 |
| Жалган куран | 11,9 | - | 10,7 | 12,3 |
| Чын куран | 10,3 | 6,5 | 8,8 | 10,8 |
| Бугу | 9,9 | 6,6 | 8,1 | 10,2 |
| Кулжа | 9,4 | 6,6 | 7,8 | 10,0 |
| Теке | 8,5 | 6,3 | 7,3 | 9,4 |
| Баш оона | 8,2 | 6,0 | 7,1 | 9,4 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

Каралып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВлар менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.09.2011 | 3 366 523,0 | 0,0 | 0% | 2 875 799,6 | 85,4% | 355 307,9 | 10,6% | 13 669,8 | 0,4% | 121 745,7 | 3,6% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2011 | 3 511 838,0 | 0,0 | 0% | 2 926 944,6 | 83,3% | 446 727,9 | 12,7% | 14 114,8 | 0,4% | 124 050,7 | 3,5% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2011 | 3 608 998,0 | 0,0 | 0% | 2 967 376,6 | 82,2% | 504 377,9 | 14,0% | 14 777,8 | 0,4% | 122 465,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2011 | 3 546 108,0 | 0,0 | 0% | 2 896 673,4 | 81,7% | 514 146,1 | 14,5% | 14 122,8 | 0,4% | 121 165,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2012 | 3 579 218,0 | 0,0 | 0% | 2 839 461,4 | 79,3% | 584 286,1 | 16,3% | 16 694,9 | 0,5% | 138 775,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2012 | 3 525 973,0 | 0,0 | 0% | 2 801 197,9 | 79,4% | 570 286,1 | 16,2% | 17 172,4 | 0,5% | 137 316,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2012 | 3 642 003,0 | 0,0 | 0% | 2 839 026,4 | 78,0% | 637 663,9 | 17,5% | 20 192,3 | 0,6% | 145 120,4 | 4,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2012 | 3 802 423,0 | 0,0 | 0% | 3 005 516,9 | 79,0% | 631 709,3 | 16,6% | 18 898,8 | 0,5% | 146 298,0 | 3,8% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2012 | 3 931 115,0 | 0,0 | 0% | 3 155 496,6 | 80,3% | 623 228,2 | 15,9% | 21 541,1 | 0,5% | 130 849,1 | 3,3% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2012 | 4 018 528,0 | 0,0 | 0% | 3 174 357,1 | 79,0% | 700 074,6 | 17,4% | 17 004,5 | 0,4% | 126 011,8 | 3,1% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.07.2012 | 4 120 877,0 | 0,0 | 0% | 3 210 203,8 | 77,9% | 780 516,2 | 18,9% | 14 226,7 | 0,3% | 114 850,3 | 2,8% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.08.2012 | 4 358 327,0 | 0,0 | 0% | 3 288 649,3 | 75,5% | 953 330,3 | 21,9% | 13 843,2 | 0,3% | 101 424,2 | 2,3% | 1 080,0 | 0,02% |
| 01.09.2012 | 3 850 475,0 | 0,0 | 0% | 3 156 830,1 | 82,0% | 631 022,4 | 16,4% | 8 565,8 | 0,2% | 52 976,7 | 1,4% | 1 080,0 | 0,03% |